КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЮНДАРЫ
КЫРГЫЗСКИЕ НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ

АСКЕРДИК СПОРТТУК МЕЛДЕШТЕР

ВОЕННО-СПОРТИВНЫЕ СОСТЯЗАНИЯ

КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЮНДАРЫ

КЫРГЫЗСКИЕ НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ

АСКЕРДИК СПОРТТУК МЕЛДЕШТЕР

ВОЕННО-СПОРТИВНЫЕ СОСТЯЗАНИЯ

ИЗДАТЕЛЬСКИЙ ЦЕНТР "АРХИ"

Бишкек - 2017

Эр сайыш (чабандоздордун найза менен сайышы)

Бул кыргыз элинин жекеге чыгуу улуттук оюнунун эзелки бир түрү жана ал байыркы заман менен байланыш. Ал кезде кыргыз эли өзүнүн эркиндигин чет элдик баскынчылардан коргоп, көптөгөн кылымдар бою кандуу согуштарды өткөргөн. Мурда найза негизги согуш куралы болгон.

Атаандаштар толук ылдамдык менен бирге келип, бири-бирин жыгач найза менен ээрден түшүргөнгө же атаандашынын денесинин кайсы бир бөлүгүн жерге тийгизүүгө аракет кылышат. Атаандаштардын соккулары абдан күчтүү болгондуктан, алардын аттары арткы буттарына жатып калчу. Эр сайыштардын жыйынтыгы көбүнчө өлүм менен аяктайт эле, ошондуктан, эр сайышка өлүмдөн коркпогон, эр жүрөк, шамдагай балбандар чыккан.

Бул сайыштардын катышуучулары булгаары калкан же калың кийизден чапан кийип, анын астынан кийизден каптама кийчи. Бирок, өзүнө ишенген, шамдагай, кайраттуу балбандар эр сайышка белине чейин чечинип чыккан. Найзанын соккусу көбүнчө көкүрөккө багытталган. Башка, ичке жана чапка согууга, ошондой эле атты найза менен чабууга тыюу салынган. Эң эле натыйжалуу жеңиш - атаандашын найзага сайып абага көтөрүү болуп эсептелген. Эр сайыштын дагы бир түрү кездешкен - атаандаштар салыштырмалуу кичине аянтта жана эки балбан дайым жабыр тарткан аймакта сайышкан. Бул сайышта биринчи ирет атты ийкемдүүлүк менен башкаруу бааланган. Балбандын чеберчилиги соккуну алууда эмес, андан кутулуу болуп эсептелген. Атактуу балбандар сайышка калкансыз чаккан.

Кандуу «сайыштын» катышуучулары оор, орду толгус зыян алып, көп учурда алардын бири «сайыш» өлүмгө дуушар болгон.

Азыр бул ат оюндарынын түрү адам үчүн коопсуз болуп калган.

Акыркы жылдары эр сайышта 2-3 даанага бөлүнүп кеткен найзалар колдонот, бул ыкма адамдын өмүрүнө коопсуздук жаратат.

Эр сайыш (единоборство всадников на пиках)

Это один из старинных видов киргизского национального единоборства, безусловно, связан с далеким прошлым киргизского народа, когда он, защищая свою независимость от иноземных захватчиков, в течение многих столетий вел кровопролитные войны, и найза (пика) тогда была основным оружием.

Соперники сближаются на полном скаку и пытаются ударом деревянной пики выбить друг друга из седла, либо заставить его коснуться земли любой частью тела. Удары противников были настолько сильными, что их лошади оседали на задние ноги. Зачастую исход поединка был смертельным, поэтому на эр сайыш выходили храбрые, ловкие люди, не боявшиеся возможной смерти.

Участники подобных турниров облачались в кожаные панцири или в толстые войлочные халаты, под которые они подкладывали войлочные колпаки. Однако наиболее искусные копейщики, уверенные в своем мастерстве, выходили на поединок обнаженными до пояса. Удары пикой были обычно нацелены в грудь. Строго запрещалось наносить удары в голову, живот и пах; также запрещались удары по коню. Самой эффектной считалась такая победа, когда удавалось поднять противника в воздух на пике. Встречалась и такая разновидность поединка на пиках, когда соперники вели схватку на сравнительно небольшой площадке, где оба они все время находились в зоне поражения. В таком поединке прежде всего ценилось умение маневрировать конем. Уровнем мастерства считалось не умение принять удар, а умение избежать его — самые мастера выходили без защиты.

Участники кровавого «сайыша» в лучшем случае получали тяжелые, непоправимые увечья, а чаще для одного из них «сайыш» имел смертельный исход.

Сейчас занятие этим видом конного спорта стало безопасным для здоровья человека.

В последнее время начали практиковать ломающиеся пики, которые при соприкосновении (уколе) расщепляются на 2—3 куска, чем обеспечивается наибольшая безопасность.



Оодарыш

Бул кыргыз элинин эң байыркы жана сүйүктүү ат оюндарынын бири. Оодарыш оюну ат башкара алгыдай менен бирге, зор күчтү жана жөндөмдүүлүктү талап кылган ат күрөш.

Мелдештер жеке жана тайпа менен өткөрүлөт. Бул мелдешке 19 жаштан жогорку курактагы эркектер катышат. Мелдештердин катышуучуларын салмагы боюнча 4 топко бөлөт: эң жеңил салмак - 60 кг чейин, жеңил салмак - 70 кг чейин, орточо салмагы - 80 кг чейин, оор салмак – 80 кг ашык.

Чабандоздордун негизги максаты - «атаандашын» атынан түшүрүү же аты менен кошо жерге түшүрүү болуп эсептелет.

Мелдештер түз жерде (тегеректе) 30-40 метр диаметрдеги аянтчада 15 мүнөт өткөрүлөт. Эгерде катышуучулардын бирөө да жеңишке ээ болбосо, анда үч мүнөттүк тыныгуудан кийин кошумча 5 мүнөткө чейин убакыт берилет. Кошумча мүнөттүн ичинде катышуучулар жеңишке ээ болбосо, анда мелдештин жыйынтыгы «тең чыгуу» катары аныкталат. Эгерде бөлүнгөн убакыттын ичинде бир да катышуучу жеңишке ээ болбосо, мелдештин жыйынтыгы упай боюнча эсептелет.

Бул таймашка катышкандар бирин-бири ат үстүнөн оодарып, жерге түшүрсө «таза жеңишке» ээ болот.

Мелдештин натыйжасы чабандоздун дене күчү, шамдагайлыгынан эмес, ошондой эле атты ийкемдүүлүк менен башкаруудан көз каранды болот. Ошондуктан, мелдештерге чейин катышуучулар атты алдын ала кылдаттык менен таптайт.

Оодарыштын эрежелери боюнча атаандаштарына жана аттарына ар кандай соккуларга жол берилбейт. «Атаандаштардын» башын, бетин, моюнун, чачын жана анын атынын жабдыктарын кармоого тыюу салынат. «Атаандашынын» манжаларын, колдорун толгоогонго, «атаандашынын» колдоруна тизгин салууга болбойт.

Оодарыш

Это старинный популярный вид состязаний у кыргызов – борьба на лошадях, требующая большой физической силы и ловкости в сочетании с умением управлять конем.

Соревнования проводятся как личные, так и лично-командные. К ним допускаются мужчины в возрасте 19 лет и старше. Участников соревнования группируют по 4-м весовым категориям: легчайший вес до 60 кг, легкий вес до 70 кг, средний вес до 80 кг, тяжелый вес свыше 80 кг.

Задача, стоящая перед всадниками, заключается в том, чтобы стащить или свалить с коня своего «противника» (при этом допускается также свалка всадника вместе с конем).

Состязания проводятся на ровной площадке (кругу) размером в диаметре 30—40 метров в течение 15 минут. Если по истечении этого времени ни одним из участников не была достигнута победа, то после трехминутного перерыва дается дополнительное время на 5 минут, если и в это время никто из участников не достиг победы, то результат схватки определяется как «ничья». Если по истечении отведенного времени ни одним из участников не будет достигнута победа, результат соревнований определяется по очкам.

Чистая победа присуждается тому, кто в процессе схватки стащил или повалил «противника» с лошади.

Исход поединка в этой борьбе зависит не только от физической силы, ловкости всадника, но и от его умения управлять конем. Поэтому задолго до состязаний лошадь тщательно подготавливают к ним.

Правила запрещают участнику наносить какие-либо удары «противнику» или его лошади, захватывать противника за голову, лицо, шею, волосы и за снаряжение лошади, выкручивать руки, пальцы «противника», набрасывать повод на руки «противника».



Жамбы атуу – ат чаап баратып бутаны атуу. Мурда ар түрдүү формада жана ар кандай салмакта уютулган, илгерки заманда акча ордуна жүргөн күмүш – жамбы деп аталган. Жамбыны бактын бутагына байлап, жамбы атуучулар чаап баратып жаа менен жипти үзө атып, жамбыны түшүрүшкөн. Атуу ийгиликтүү болсо, атуучу жамбыга ээ болот.

Учурдагы эрежелерге ылайык мелдештерге 16 жаштан жогорку оюнчулар бытыра мылтык жана ээр токумдуу ат менен катышат. Мелдешке атуу куралдары жана атын ийкемдүүлүк менен башкара алган катышуучулар тандалат.

Мелдеш калк жашаган жерден 500х500 метр алыстыкта болууга тийиш. Старт менен маараның аралыгы 150—160 метр, жолдун туурасы 5-6 метр болушу керек. Бута 7-8 метр бийиктикте «Г» тамгасына окшоп устунга илинет. Оюндун башка бир түрү боюнча, бута оюнчулардын сол жагына илинген. Ок бутага чейин 25-30 метр аралыгында атылат.

Бардык чыгууларда эң көп упай алган тайпа же аткыч маарага биринчи келсе, мелдештин жеңүүчүсү деп аталат.

Джамбы атуу — это стрельба на скаку по мишени. В прошлом мишенью служил слиток серебра — джамбы, который подвешивали за нитку на ветке дерева или жерди. Всадник с коня на скаку должен был стрелой сбить джамбу. В случае удачи он становился его обладателем.

Согласно современным правилам, в соревнованиях участвуют спортсмены не моложе 16 лет, на оседланных лошадях, вооруженные охотничьими дробовыми ружьями, умеющие хорошо обращаться с оружием и конем.

Состязание проводится вне населенных пунктов на площади не менее 500 на 500 метров. Дистанция от старта до финиша 150—160 метров, ширина пути 5—6 метров. Цель подвешивается прямо на пути движения на Г-образном столбе на высоте 7—8 метров. По другому варианту соревнований цель находится слева от полосы движения. Выстрел может быть произведен перед собой на полосе «зоны огня» в 25—30 метрах не доезжая до цели.

Победителем считается участник или команда, набравшая в сумме наибольшее количество очков и быстрее проскакавшая расстояние до финиша.

КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЮНДАРЫ
КЫРГЫЗСКИЕ НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ

АСКЕРДИК СПОРТТУК МЕЛДЕШТЕР

ВОЕННО-СПОРТИВНЫЕ СОСТЯЗАНИЯ

Тызыуучу *Бек Тунуков*

Чолпон Кожокулованын котормосу

Компьютерге терген *Айнура Таалайбекова*
Жасалгасы, дизайны, терүү *Светлана Грицай*
Корректор *Чолпон Кожокулова*
Сүрөтчүлөр *Маяк Мамытов, Эрмек Исмаилов*

УДК 796/799
ББК 75. 727
К 97
К 97 **КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЮНДАРЫ: АСКЕРДИК СПОРТТУК МЕЛДЕШТЕР.** Тызыуучу Бек Тунуков. – Бишкек: АРХИ, 2017. – 8 б., ил.

К 420400000-17
ISBN 978-9967-430-67-9

УДК 796/799
ББК 75. 727

© ИЦ АРХИ

Составитель *Бек Тунуков*

Перевод *Чолпон Кожокулова*

Компьютерный набор *Айнура Таалайбекова*
Оформление, дизайн, верстка *Светлана Грицай*
Корректор *Чолпон Кожокулова*
Художники *Маяк Мамытов, Эрмек Исмаилов*

ИЗДАТЕЛЬСКИЙ ЦЕНТР "АРХИ"

Басууга 20.03.2017-жылы кол коюлган. Басууга 22.03.2017-жылы берилген
Формат 60х84 1/8. Көлөмү 0,5 б.т. Меловандалган кагаз 130 г/кв.м.
Офсеттик басуу. Тиражы 500 нуска

Подписано в печать 20.03.2017 г. Сдано в печать 22.03.2017 г.
Формат 60х84 1/8. Объем 0,5 у.п.л. Бумага мелованная 130 г/кв.м.
Печать офсетная. Тираж 500 экз.

Кириш сөз

Кыргыздар – дүйнө жүзүндөгү эң байыркы жана баштапкы элдердин бири. Кыргыз элинин катаал табигый шарттарда жашоосу, көчүү, малды жайлоодон жайлоого айдоо жана аны камкордук менен багуу, баскынчылардан коргонуу жана башка жашоо шарттар кыргыздардан мыкты ат чабууну, чыңалууну , күчтү, шамдагайлыкты, эрдикти жана кайраттуулукту, дайыма сак болууну талап кылган.

Көчмөн маданиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү катары кыргыздар кылдаттык менен кылымдан кылымга келе жаткан үрп-адаттарын, салттарын, маданиятын аны менен бирге улуттук оюндарын азыркы маалга чейин сактап келген.

Оюндар көңүл ачууда, маданияттуу эс алууда, бош убакытты өткөрүүдө, денени чыңдоодо гана чоң мааниге ээ болбостон, балдардын руханий дүйнөсүн калыптандыруунун, аларга тарбия берүүнүн маанилүү каражаты болуп эсептелет. Оюндар адамзаттын көп кылымдык маданиятын сактап келе жаткан кенч катары да бааланат. Улуттук оюндар элдин материалдык жана руханий чыгармачылыктарынын бардык тармактарын камтыйт. Улуттук оюндар кыргыз элинин ишмердүүлүгүнүн жана максатка умтулуучулугун көрсөтөт.

Кыргыз улуттук оюндарды негизинен төмөнкү топторго бөлүүгө болот: балдар кыймыл оюндары (бир нерсе менен же нерсеси жок), жаштар, тайпа, чүкө, ат, мергенчилик, үстөл, аскердик, спорттук оюндар.

«Кыргыз улуттук оюндар» китебинин турпатташтыгы бизге белгилүү 500 дөн ашуун кыргыз улуттук оюндарынын аз гана бөлүгүн камтыйт.

От издательства

Кыргызы – один из древнейших и самобытных народов мира. Сам образ жизни, а это и жизнь в суровых природных условиях, постоянные кочевки, перегон скота, уход за ним, отражение набегов и т. д. требовал от них отличной верховой езды, хорошей физической закалки, силы, ловкости, сноровки, храбрости и мужества, постоянной готовности к действиям.

Будучи яркими представителями кочевой цивилизации, кыргызы бережно донесли и по сей день хранят свои вековые традиции, обычаи, культуру, а вместе с ними и игры.

Игры у кыргызов были не только для досуга и развлечения, они носили воспитательный и прикладной характер. Уже с малых лет играючи вырабатывались, развивались и закреплялись необходимые физические и нравственные качества. Каждая игра требовала от её участников определённых навыков и качеств, которые либо вырабатывались, либо развивались. Само участие в игре развивало целеустремленность, настойчивость, волю к победе.

Кыргызские национальные игры можно условно разделить на следующие основные группы: детские подвижные (предметные и беспредметные), молодёжные, командные, с альчиками, конные, охотничьи, настольные, военно-спортивные и единоборства.

Серия «Кыргызские национальные игры» охватывает лишь толику самых популярных кыргызских игр из более 500 известных нам.

ИЗДАТЕЛЬСКИЙ ЦЕНТР
"АРХИ"